**«Жылдыздуу жээк – 2022»**
**көркөм окуу конкурсунун ЖОБОсу**

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Турсунбеков Чыныбай Акуновичтин жаркын элесине арналган «Жылдыздуу жээк» көркөм окуу конкурсу Нарын шаарынын жана Нарын районуна караштуу Жан-Булак айылынын А.Жутакеев атындагы орто мектебинин окуучуларынын арасында өткөрүлөт.

1.2. Конкурстун максаттары:

- катышуучулардын чыгармачылык потенциалын ачууга көмөк көрсөтүү, Чыныбай Турсунбековдун чыгармачылыгына кызыгууну артыруу;
- мектеп окуучуларынын арасынан мыкты көркөм окугандарды аныктоо;
- көркөм окууга кызыгууну ойготуу;
- аудиториянын алдында сүйлөө жөндөмүн өнүктүрүү.

## 2. Конкурстун мазмуну

2.1. Чыныбай Турсунбековдун ырларын жатка көркөм окуу (катышуучунун тандоосу боюнча).

2.2. Ыр кеминде 16 поэтикалык саптан турушу керек.

2.3. Көркөм окуу музыкалык коштоо менен коштолушу мүмкүн.

## 3. Конкурстун уюштуруу комитети

3.1. Конкурстун уюштуруучусу – «Чыныбай Турсунбеков атындагы фонд».

3.2. Конкурсту уюштуруу жана өткөрүү үчүн Уюштуруу комитети түзүлөт.

3.3. Уюштуруу комитети төмөнкү иш-чараларды жүзөгө ашырат:

1) Конкурстун катышуучуларынын жана алардын өкүлдөрүнүн назарына конкурсту өткөрүү жөнүндө маалыматтарды тез арада жеткирет;
2) Конкурска катышуу үчүн арыздарды кабыл алат;
3) Конкурстун убактысын аныктайт.

3.4. Уюштуруу комитетинин курамы:

1) Нурлан Абдыгул уулу - «Акун» ЖАКтын директору;
2) Алмагүл Турдалиева – «Чыныбай Турсунбеков атындагы фонддун» координатору;
3) Таалайкүл Исаева – «КапиталБанктын» кызматкери»;
4) Зейнеп Курумшиева – «Чыныбай Турсунбеков атындагы фонддун» менеджери.

## 4. Катышуучулар, калыстар тобу

4.1. Конкурска Нарын шаарындагы орто мектептердин жана Жан-Булак айылынын А.Жутакеев атындагы орто мектептин 6 -11-класстарынын окуучулары катышат.

4.2. Көркөм окууну баалоо үчүн Уюштуруучу 5 (беш) адамдан турган Калыстар тобун түзөт.

## 5. Конкурсту өткөрүү тартиби жана шарттары

5.1. Конкурс 2 этаптан турат: даярдык жана финал. Конкурстун даярдык этабы 2022-жылдын 15-сентябрында башталат жана 15-октябрга чейин созулат.

5.2. Даярдык этабында Конкурстун уюштуруучулары:

- даярдык көрүү боюнча Нарын шаарындагы орто мектептердин жетекчилери менен жолугушууларды өткөрөт;
- катышуучулар жана алардын жетекчилери (окутуучулары) үчүн Конкурска даярдык көрүү боюнча материалдарды түзөт жана аларды Фонддун социалдык тармактардагы баракчасына жайгаштырат;
- Конкурстун финалдык этабына катышуу үчүн тандоо жүргүзүү максатында мектептерде өтө турчу сынактын биринчи этабынын жүрүшүн көзөмөлдөйт.

5.3. Конкурстун жыйынтыктоочу этабы мектептерде конкурстун 1-этабынын жыйынтыгы чыгарылгандан кийин өткөрүлөт.

5.4. Ар бир мектеп финалдык конкурска катышуу үчүн бирден окуучуну көрсөтөт.

## 6. Конкурстун финалдык этабына катышууга арызды каттоо

6.1. Конкурска катышуу үчүн арыз төмөнкү формада берилиши керек:

| № | Катышуучунун аты-жөнү | Класс | Мугалимдин аты-жөнү | Чыгарманын аталышы |
|---|---|---|---|---|

6.2. Арыздар 2022-жылдын 20 октябрына чейин электрондук почта аркылуу fond.tursunbekov@gmail.com адресине «Конкурска» деген белги менен жиберилет.

## 7. Конкурстун финалдык этабынын өткөрүлүшү

7.1. Конкурстунн финалдык этабын өткөрүү орду: Нарын шаары, Ж.Шералиев атындагы музыкалдык мектеби.

7.2. Конкурстун финалдык этабын өткөрүү мөөнөтүү: 18 ноябрь 2022ж., 14.00

7.3. Конкурска катышуучулар, алардын жетекчилери жана ар бир мектептен 10дон окуучу (группа поддержки) чакырылат.

7.4. Конкурстун катышуучулары Чыныбай Турсунбековдун бир ырын жатка айтышат.

7.5. Конкурстук сыноодо чыгарманы көркөм окуудан тышкары, калыстар тобунун чыгарманын мазмунуна же окулган чыгарманын автору тарабынан айтылган ойлорго окурмандын мамилесине карата берилген суроолорго жоопторду камтыйт (суроолор 2ден ашпашы керек).

## 8. Баалоо критерийлери

8.1. Поэтикалык чыгарманын аткарылышынын деңгээли төмөнкү критерийлер боюнча 5 баллдык шкала менен бааланат:

- чыгарманын текстин билүү;
- интонациянын экспрессивдүүлүгү;
- театрдын экспрессивдүү каражаттарын колдонуу (мимика, жаңсоолор, позалар, кыймылдар).

8.2. Суроолорго жооп:

- суроону түшүнүүнүн адекваттуулугу жана суроого берилген жооптун тактыгы;
- өз пикиринин болушу жана анын айтылышынын тууралыгы;
- ойду формулировкалоо жана так айтуу жөндөмдүүлүгү.

8.3. Катышуучунун топтогон упайларынын суммасы боюнча жеңүүчү аныкталат.

## 9. Жеңүүчүлөрдү жарыялоо жана сыйлоо

9.1. «Жылдыздуу жээк» көркөм окуу сынагынын финалисттерине сертификат тапшырылат.

9.2. Финалисттерди даярдаган мугалимдерге (жетекчилерге) ыраазычылык каттары тапшырылат.

9.3. Конкурс төмөнкү номинацияларды камтыйт:

- «Чыныбай Турсунбековдун ырынын мыкты аткаруучусу» (номинация боюнча 1, 2, 3-орундар ыйгарылат);
- «Чыныбай Турсунбековдун поэзиясын эн эмоционалдуу аткаргандыгы үчүн» Жеңүүчү аудитория арасында добуш берүү аркылуу аныкталат («Элдин тандоосу» сыйлыгы).

9.4. Жеңүүчүлөргө дипломдор, акчалай сыйлыктар берилет:

1-орун – 20 000с.

2-орун – 15 000с.

3-орун – 10 000с.

«Элдин тандоосу» сыйлыгы – 10 000с.

9.5. Конкурстун жеңүүчүлөрү жана аларды даярдаган мугалимдер 2023-жылдын июнь айында «Акун Ысык-Көл» пансионатында өткөрүлө турчу Эл аралык «Жылдыздуу жээк» поэзия фестивалына катышууга жолдомо алышат.